УДК: 397
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-131-136

**Конокбаев Р.Т.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
konokbaev-80@mail.ru

# КӨЧМӨН ЖАНА ЖАРЫМ КӨЧМӨН КЫРГЫЗ КАЛКЫН ОТУРУКТАШТЫРУУ МАСЕЛЕСИНИН ГЕНЕЗИСИ

**Аннотация.** Ар бир элдин, коомдун жана мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү процессинде олуттуу да, омоктуу да өзгөрүүгө алып келген өзгөчө окуялар тутуму болот. Андай бурулуш окуялар коомдун жалпы өнүгүшүнө өзгөчө салым кошо алат жана ал коомду өнүгүүнүн жаңы деңгээлине алып чыга алат. Башкача тыянак берген мындай натыйжалуу өзгөрүүлөр чындап эле ошол коомду өнүгүүнүн жаңы деңгээлине алып чыгып, анын андан ары өнүгүшүнө жакшы өбөлгөлөрдү түзөөрү баарыбызга маалым.

Кыргыз элинин, коомчулугунун XX кылымдын биринчи жарымындагы мындай өзгөчө бурумду алып келген, саясий, социалдык-экономикалык зор маанигее ээ болгон окуясы, мурда болуп көрбөгөн көрүнүшкө кириптер кылган өткөн кылымдын 20-30-жылдарында толугу менен ишке ашырылган Кыргызстандагы отурукташтыруу жараяны болгон. Бул ошол кездеги кыргыз эли, биздин ата-бабаларыбыз үчүн, мурда дегеле отурукташууну билбеген.

**Негизги сөздөр:** Мамлекет, социалдык-экэномикалык, мал чарба, айыл чарба, жараян, кеңеш өкмөтү.

**Конокбаев Р.Т.**
кандидат исторических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
konokbaev-80@mail.ru

# ГЕНЕЗИС ПРОБЛЕМЫ ОСЕДЛОСТИ КОЧЕВОГО И ПОЛУКОЧЕВОГО КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

**Аннотация.** У каждого народа, общества и государства в процессе политического, социально-экономического и культурного развития бывают особые события, которые приводят к значительным и глубоким изменениям. Такие поворотные события вносят особый вклад в общее развитие общества и могут вывести его на новый уровень прогресса. Подобные результативные преобразования действительно поднимают общество на более высокий этап развития и создают благоприятные предпосылки для его дальнейшего движения вперед — это известно всем нам.

Для кыргызского народа, для его общества первой половины XX века таким особым, переломным, имевшим большое политическое и социально-экономическое значение событием стал процесс оседлости, полностью реализованный в 1920–1930-е годы в

Кыргызстане. Это было совершенно новое явление для кыргызского народа и наших предков, которые ранее не знали оседлого образа жизни.

**Ключевые слова:** государство, социально-экономический, животноводство, сельское хозяйство, процесс, советская власть.

**R.T. Konokbaev**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
konokbaev-80@mail.ru

## GENESIS OF THE PROBLEM OF SEDENTARIZATION OF THE NOMADIC AND SEMI-NOMADIC KYRGYZ PEOPLE

**Annotation.**: Every nation, society, and state, in the course of their political, socio-economic, and cultural development, experience special events that lead to significant and profound changes. Such turning points make a unique contribution to the overall development of society and can bring it to a new level of progress. These effective transformations indeed elevate society to a higher stage of development and create favorable conditions for its further advancement — this is well known to all of us.

For the Kyrgyz people and their society in the first half of the 20th century, such a significant and decisive event with great political and socio-economic importance was the process of sedentarization, which was fully implemented in the 1920s–1930s in Kyrgyzstan. This was a completely new phenomenon for the Kyrgyz people and their ancestors, who had previously not known a settled way of life.

**Keywords:** state, socio-economic, animal husbandry, agriculture, process, Soviet government.

Кыргызстандагы агрардык маселенин чечилишинде, көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтырууда 1921-1922-жж. жер-суу реформасы жана жерге жайгаштыруу белгилүү роль ойногондугун белгилөө абзел. Бирок, 20-жылдары көчмөн калкты массалык түрдө отурукташкан жашоого өткөрүү үчүн керектүү шарттар болгон эмес. Ошондуктан, 1921-1922-жж. жүргүзүлгөн жер-суу реформасынын учурунда да аз гана көчмөндөр отурукташкан жашоого өткөрүлгөн. Мында, жерди иштетүүдөгү тажрыйбанын жоктугу, айыл-чарба шаймандарынын, унаанын жетишсиздиги да өз таасирин тийгизген. Кулактардын, бай-манаптардын бузукулугуна жана өздөрүнүн отурукташкан жашоого көнбөгөндүгүнө байланыштуу кечээги көчмөндөр "кышты кыштап алып, эрте жаздан бактарды, эгин аянттарын, огороддорун таштап, көчүп кеткен" учурлары да болгон [244]. Бул мезгилде отурукташтыруу жараяны негизинен кыргыз айыл-кыштактарында жүргүзүлүп жаткан агрардык кайра курууларга байланыштуу жүргүзүлгөн.

Көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды массалык түрдө, ырааттуу жана пландуу отурукташтырууга өткөрүү маселеси совет өлкөсүндө индустриялаштыруу, коллективдештирүү, 1929-жылдан бай-манаптарды тап катары жоюунун негизинде туташ коллетивдештирүүнү ишке ашыруу, маданий революцияны жайылтуу саясаттарына жана бул багыттагы белгилүү жетишкендиктерге байланыштуу күн тартибине коюлган. Маселени

чечүү элдин социалдык абалын жакшыртуу жана маданий деңгээлин көтөрүү, эффективдүүлүгү жок натуралдык жана жарым натуралдык укладды жоюуга мүмкүндүк берүүчү чарбаларды реконструкциялоонун ыкчам темпин камсыздоо максатын көздөгөн.

Оторчулук саясаттын негизинде Россиядан жерсиз калган жүз миңдеген орус жана украин дыйкандары алгач пландуу, кийинчерээк стихиялык түрдө биздин жергебизге көчүп келишип, көптөгөн аймактарда орус кыштактарын түзүшүп, отурукташа башташкан. Жети-Сууга келген келгиндерге алгач 30 теше жер, ар бир эркекке 10-15 теше аскердик запас-тагыларга кошумча бөлүнүп берилген. Алар түндүктөн суулуу жерлерге – Чуй, Талас, Кочкор өрөөндөрүнөн, түштүктөн – Көкарт, Кара-үңкүр, Кара-Дарыяларынын ортоңку агымынан жана Куршабда жайгашышкан. Көчүп келген дыйкандар көчмөн кыргыздардан айырмаланышып, жердин ээлери жана аны мураска берүү укугуна ээ болушкан. Ал эми көчмөндөрдүн жерлери мамлекеттин менчиги катары эсептелген. Бул жөнүндө “Положение о Степном крае” 120-беренесинде жана “Положение о Туркестанском крае” 270-беренесинде көрсөтүлгөн. 1913-жылы Ош уездиндеги 40.218 кыргыз үй-бүлөсүнүн 32.473 отурукташкан, алар негизинен жакырданган чарбалар эле [1].

Жогорку маалыматтар Кеңеш доорундагы советтик тарыхнаамада үстөмдүк кылып келген, көчмөн чарбалардын отурукташууга өтүүсүнүн башкы себеби:

1. *коңшу жашаган отурукташкан калктардын, орус дыйкандарынын жер колдонуу жана отурукташтуу ыкмасы;*
2. *орус экономикасынын прогрессивдүү таасири;*
3. *акча-товар мамилеленинин өнүгүшү;*
4. *орус өнөр жайынын айыл-чарба продукцияларына муктаждыгы;*
5. *өзгөчө пахтага болгон муктаждыгынын жогорулашынын натыйжасында дыйканчы-лыктын мааниси жогорулаган* - деген

сыяктуу пикирлер тарыхый чындыкты толук чагылдырбасын белгилей кеткибиз келет.

Булардан башка дагы негизги себеп, чарбасы бүлүнүп, жеринен ажыраган Түндүк Кыргызстандын көчмөн калкы жакырчылыктан, ачарчылыктан кутулуунун жолун отурукташкан жашоого өтүп, жер иштетүүдөн издешкен. Бирок мезгили боюнча түндүк кыргыздарынын отурукташкан жашоого өтүү аракеттери, түштүк кыргыздарына салыштырмалуу бир аз кечирээк башталган. Падыша өкмөтүнүн жер саясатынын жана жергиликтүү бай-манаптардын эзүүсүнүн натыйжасында жакырданган көчмөн кыргыз чарбаларынын отурукташкан жашоого өтүүгө умтулуулары XIX к. аягында XX к. башында күч алган.

Баса кыргыз элинин аргасыздыктан отурукташкан жашоого өткөн кечээги көчмөндөрдүн топторун, ошол кездеги калк социалдык мааниде - “жатакчылар” - деп аташкан. Алар алар бардык мал-мүлкүнөн ажырап, жан багуунун жалгыз каражаты болуп кара-күчү калган үй-бүлөлөр болушкан.

Мына ошол жаңыдан жанданып жаткан отрукташтыруу жараянынын экинчи дагы терс жагы болгонун белгилей кетүү абзел. Анткенибиз, падышалык колониялдык администрациянын өкүлдөрү көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбаларынын отурукташууга өтүүсүнө колдон келишинче тоскоолдук кылып, каршы турушкан:

- *отурукташууга өтүүнү каалагандар үчүн, алар кабыл алууга мүмкүн болбогон ар түрдүү шарттарды коюшкан;*
- *жер алып, отурукташкан жашоого өтүүнү каалаган кыргыздарга орустардын христиан динин кабыл алуулураны талап кылышкан;*

- *отуруктошууга ааркет кылган кыргыздарды падышалык армияда кызмат өтөйсүңөр деген талаптарды коюшкан* [7].

Ошол эле кезде орус мыйзамдарына ылайык кыргыздар башка чет жакалардагы элдердей эле орус армиясынын катарына чакырылууга тыю салынган эле.

Колониялдык администрацияда кызмат өтөгөн жергиликтүү элдин өкүлдөрү, ак-сөөктөр, бай-манаптар да колонизаторлордун саясатын колдошуп, отурукташууга өтүүнү каалагандарды ар кандай жолдор менен коркутушкан:

- *көчмөн жашоону мактошып, отурукташкан жашоону мүмкүн болушунча терс мүнөздө көрсөтүүгө аракет кылышкан.*
- *дыйканчылыкты, анын ар тарптуу пайдалуу жактарын жамандашкан;*
- *отурукташтыруу жараянын, анын жашоо үлгүсүн, көпчүлүк караңгы элге тозок менен салыштырышып, коркутушкан;*
- *кыргыз төбөлдөрүнүн чочулаган дагы бир жагы карапайым көчмөн калктын отурукташууга өтүүсү алардын патриархалдык-уруулук салтка негизделген бийлигинин кескин өзгөрүүсүнө алып келеээрин, өз кадыр-барктарынын кетээрин да сезишкен;*
- *жергиликтүү бай-манаптар отурукташтыруунун натыйжасында өздөрүнүн негизги байлык булагынан, арзан (дээрлик акысыз) жумушчу күчүнөн ажырап калаарларын да түшүнүшкөн;*
- *жогорудагыларды эске алуу менен отурукташкан жашоого өтсөңөр аркак ичип, чочконун этин жейсиңер, каапыр болуп кетесиңер* - деп коркутушкан.

Бирок, мындай тоскоолдуктарга карабастан кедей кыргыздардын отурукташууга умтулуусу улана берген. 1897-ж. Пржевальск уездинин Чоң–Төбө жана Чаш-Төбө болуштуктарынын 157 үй-бүлөсүнүн атынан Ж. Осмонов, Б.Алакүчүков жана Т.Кадыровдор, алар үчүн “Ача-Кайыңды” менен “Баш-Келтебек” жерлеринин ортосунда отурукташкан кыштак түзүп берүүсүн суранып падышалык бийлик органдарына кайрылышкан. Ушул эле жылы, аталган уезддин Он-Арча болуштугунун 100 үй-бүлөсү “.орус кыштактарында запас жерлер болсо” ошол жерлерге отурукташтырып, кыштак түзүп берүүнү суранышып кайрылышкан. Атүгүл алар отурукташууга өткөндөн кийин, орус дыйкандары аткарган бардык милдеттерди, жада калса, “аскер милдетин да” аткарууга макулдуктарын билдиришкен. “Кийинчерээк, алардан орус-казак поселениесин түзүүнү”, аларды жана алардын “балдарын Жетисуу казак войскасынын казактарына” - жазып коюуну падышалык администрациядан өтүнүшкөн. Отурукташууга өтүүнүн себебин аталган 100 үй-бүлөнүн ишенимдүү адамдары - Ч.Манеев менен Д.Токтобаевдер төмөнкүчө түшүндүрүшкөн:

- *уезддин Он-Арча болуштугунун администрациясы аларды өтө катуу ар тарптуу кысымга алышкан;*
- *мал чарбасы үчүн жайыт, чөп чабуу үчүн жерлерди бербей коюшкан;*
- *башкалардан көбүрөөк акча салыктарын салып, жайыттагы малдарын тартып алып жаткандыктары менен түшүндүрүшкөн.*

Демек, кошумчалаарыбыз, келгин орустар, өзгөчө казак – орустар кыргыздардын эң жакшы, суулуу, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерине ээ болушуп, падышалык өкмөт тарабынан бир топ жеңилдиктерди алышып, жергиликтүү элдерди ар тарптан кысмакка алышкан. Ошол эле кезде алардын өздөрү жаңы жерлерде  тез эле ирденип, байып,

жакырданган кыргыздар эле эмес, бай кыргыздар суктанаарлык турмушта жашай башташкан [5].

Отурукташтыруу жараянынын алагчкы мезгилине далил катары дагы бир маалымат. 1899-ж. Пишпек уездинин начальнигине Каракайың болуштугунун 188 үй-бүлөсүнөн отурукташтырууну суранган арыз түшкөн. 1902-ж. Нарын болуштугунун 172 үй-бүлөсүнүн атынан, алардын ишенимдүү адамы К. Бабин, аларга, Ак-Талаа өрөөнүндө отурукташкан кыштак түзүүгө уруксат берүүнү суранып кайрылган. [152] Мындай кайрылуулар көп болгон жана кийинки жылдары да улана берген. 1907-ж. эле Пишпек уездинин 4.222 кыргыз үй-бүлөсү жерге отурукташтырууну суранышып, падышалык администрацияга кайрылышкан. Бирок, алардын дээрлик баары жоопсуз калган.

1897-ж. июль айында Семизбел болуштугунун отурукташкан чарбага өткөн 129 букарасынын айылына жергиликтүү манаптын 150 куралдуу жигиттери кол салып, 15 кишини жарадар кылышкан. 1902-ж. Пишпек уездинин Талкан болуштугунун 157 жакыр жашоочусунун отурукташууга өтүүнү каалагандарын билдиришкенин уккан манаптар, алардын уюштуруучулары болгон – Т.Кадыров менен Ж.Таштановдорго жалган жалаа жабышып, уурулук кылды деп күнөөлөшүп, айып төлөтүү менен 12 айга каматып жиберишкен. Отурукташып жаткан калган кыргыздарды, отурукташып, жер иштетсеңер силерди да ушул тагдыр күтүп турат деп коркутушкан [6].

Корккон жарды кыргыз үй-бүлөлөрү отурукташуудан баш тартышкан. Отурукташуунун айланасында күрөш катуу жүргөн. Ушуга далил катары белгилүү окумуштуу, профессор Б.Байбулатовдун китебинде келтирилген Пржевальск уездинин Чиркей болуштугундагы кыргыз көчмөндөрүнүн алгачкы отурукташуусунун уюштуруучуларынын бири болгон, тууганы, эскерүүнүн жазып алган мезгилде 70 жашка чыккан колхозчу Д.Байбулатовдун эскерүүсүнө кайрылуу максатка ылайык деп эсептейбиз: “Биз анда Ыссык-Көл өрөөнүндө турчубуз - деп, эскерет Д. Байбулатов – биз 43 кедей үй-бүлө элек. Алардын кээ бирлери азыр да эсимде: Муңайтбай Калыков, Мамбеталы Карачев ж.б. Сазановка кыштагынын орус дыйкандары сыяктуу, биз отурукташкан жашоого өтүүнү жана мындан ары байлардын жана алардын үйүр-үйүр жылкыларынын артынан көчүп жүрүүнү токтотууну чечтик. Муну бизге революциялык маанайдагы орус дыйкандары кеңеш беришти. Биз Каракол жер башкармалыгына бизге жер берүүсүн жана отурукташкан жашоого өтүүгө уруксат берүүсүн суранып арыз жаздык. Бирок, биз бир нече жылга (1907- жылдан 1911 -жылга чейин) чейин эч кандай жооп ала албадык. Байлар жана манаптар: “ким дыйканчылыкка өтсө, анын аялы менен балдарынын мойнуна крест илип, жегенге картошка менен эле капуста беришет” деп, тескери үгүттөй башташты. “Жер жөнүндөгү Декрет” жана “Жерди улутташтыруу жөнүндөгү” мыйзамды жетекчиликке алган Түркстан АССРинин Дыйканчылык элдик комиссариаты (Наркомзем)1918-ж. 9-февралында аймакта жер реформасын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө көрсөтмө чыгарган [2]. Бул көрсөтмө Кыргызстанга да тиешелүү болгон. Анткени, Кыргызстан бул мезгилде Түркстан крайынын курамында болгон. Бул көрсөтмөгө ылайык эмгек кылбаган (нетрудовые) чарбалардын жерлери, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрү менен жер-суу комитеттеринин карамагына өткөн. Алар дыйкандарга теңдемечилик принциби менен бөлүштүрүлгөн. Жер-суу комитеттерине жергиликтүү чарбалык маанидеги суу жана токойлор да өткөн.

Бирок Кыргызстанда 1921-жылга чейин теңдемечилик менен эмгек жана керектөө нормасы боюнча жерди пайдалануу орус-украин жана жергиликтүү отурукташкан калк жашаган райондордо гана жүргүзүлгөн. Көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздар жашаган райондордо

агрардык маселе көрсөтүлгөн багытта чечилген эмес[4]. Ошондуктан, Совет бийлигинин Жер жөнүндөгү декрети Кыргызстандын өзгөчө шарттарында 10 жылга жакын жүргүзүлүп, бир топ кеч турмушка ашырылган. Анткени, Кыргызстандагы байлар жана манаптар али жоюла элек эле, алар көчмөн жана жарым көчмөн райондордо өздөрүнүн жер ээликтерин, Кеёеш доорунун мезгилинде да бир топ жылга чейин сактап калышкан. Жер мамлекеттин менчиги болуп эсептелгенине карабастан, бай-манаптардын колунда көптөгөн мал, эң жакшы жерлер, жайыттар жана чөп чабык аянттары сакталган. Жерди иштетүүдө көчмөн кыргыз коомунда общиналык-уруулук тартиптер үстөмдүк кылган. Формалдуу түрдө жайкы жайыттар, чөп чабык аянттары бир канча общиналардын, уруктардын жана болуштуктардын ээлигинде болгону менен, чындыгында, алар ири манаптарга таандык болгон. Мисалы, 1927-ж. Кетмен-Төбөлүк манап Авасхан 12 миң теше эң мыкты жайыттарды өз менчигим деп эсептеп, анда малын жайган малчылардан бир жайда 6 кой, 1 жылкы салык алып турган [103]. Чектөө чараларына карабастан, көчмөн айылдарда бай-манаптар карапайым көчмөндөрдүн үстүнөн өздөрүнүн чексиз бийлигин дагы эле жүргүзүп турушкан. Кыргызстандын көчмөн жана жарым көчмөн айылдарындагы мындай капитализмге чейинки коомдук-социалдык мамилелер, албетте, өндүрүштүк күчтөрдүн өнүгүүсүн матап турган. Ошого байланыштуу, отурукташууга өткөрүү жолу аркылуу көчмөндөрдүн жашоо образын түп-тамырынан бери өзгөртүү маселесин чечүү зарылдыгы келип чыккан. Жер маселесин биротоло чечүүнүн, жерди пайдаланууда патриархалдык-феодалдык мамилелерди жоюунун негизги шарты – манаптардын бийлигин, алардын карапайым көчмөндөр массасына болгон таасирин жоюу болгон. Көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташкан жашоого өткөрүү жогорудагы проблемалардын чечилишин жеңилдетмек жана көчмөн кыргыздарды советтик курулушка тартууну, көчмөн жана жарым көчмөн райондордо социалисттик кайра курууларды жүргүзүүнү тездетмек.

**Колдонулган адабияттар**


1. Директивы КПСС и Советского правительства по хозяйственным вопросам [Текст]: Сб. док. В 4-х т.– М.: Госполитиздат,– 1957.– 214с.
2. Из истории планирования народного хозяйства Киргизии (1918-1971 гг.) [Текст]: Сб. док.и материалов.- Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 231 с.
3. Исполнительный комитет Киргизской автономной области (21 октября 1924-12 марта 1927 гг.) [Текст]: Обзор фонда.- Фрунзе [б.и.], 1960.– 123с.
4. Киргизстан за годы Советской власти[Текст]: Стат. сб. – Фрунзе:Кыргызстан, 1970.- 186с.
5. 121. Киргизстан за 50 лет [Текст]: Юбилейный стат. сб. Фрунзе: Кыргызстан, 1974. - 328 с.
6. Коммунистическая партия Киргизии в резолюциях и решениях сөездов, конференций и пленумов обкома и ЦК [Текст]: В 2-х ч.1.- Фрунзе: [б.и], 1968. – 238с.
7. КП Киргизии в резолюциях и решениях сөездов, конференций и пленумов обкома и ЦК[Текст]: Ч. 1. – Фрунзе: [б.и.],1958.– 234с.
8. Отражение социально-экономических измений 20-30 годов В историографии [Текст] / Исабекова Б.Т.//“ Научный журнал «Вестник КГУ им. И. Арабаева». – Бишкек, /1, 2019. – С.298-305.


**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Айтымбет кызы А.**